подростков. Его успешная реализация требует комплексного подхода, включающего не только педагогические знания, но и создание условий для развития эмоционально-чувственной сферы ребенка, его культурного кругозора и творческого потенциала.

Эстетическое воспитание детей — это важный процесс формирования у ребёнка чувства прекрасного, умения видеть и ценить красоту в окружающем мире, в искусстве, в природе и в человеческих отношениях. Семья играет в этом процессе ведущую роль, так как именно в домашних условиях закладываются первые представления о гармонии, культуре и ценностях. Эстетическое воспитание занимает особое место в формировании всесторонне развитой личности ребёнка. Оно направлено на развитие у детей способности воспринимать, понимать и создавать прекрасное в окружающем мире, искусстве, природе и человеческих отношениях. В этом процессе решающую роль играет семья, так как именно в ней закладываются первые основы мировоззрения, нравственных и эстетических идеалов.

Семья является первой и самой важной социальной средой, в которой ребёнок учится чувствовать гармонию, различать добро и зло, прекрасное и безобразное. Домашняя атмосфера, поведение родителей, семейные традиции и культурные ценности оказывают непосредственное влияние на формирование эстетического вкуса и художественных способностей ребёнка. В раннем возрасте именно родители становятся для детей образцом культуры речи, стиля общения, отношения к природе и искусству.

Таким образом, изучение влияния семьи на эстетическое воспитание детей имеет большое значение для педагогики и психологии развития. Анализ данного вопроса позволяет выявить эффективные пути гармоничного формирования личности ребёнка, а также подчеркнуть необходимость активного взаимодействия семьи и общества в деле духовно-нравственного и эстетического воспитания подрастающего поколения.

Семья — это фундамент эстетического воспитания ребёнка. Здесь формируются его первые впечатления о красоте, гармонии и культуре. Родители, заботясь об эстетической среде, показывая собственным примером уважение к искусству, традициям и нравственным ценностям, развивают у детей эстетический вкус, художественное воображение и способность видеть прекрасное в жизни.

**Список использованной литературы**

1. Асанова, Г.К. Роль семьи в эстетическом воспитании подростков // Вестник КГПУ. – Бишкек, 2018.
2. Абдыкадырова, С.Т. Эстетикалык тарбиянын негиздери – Бишкек: Турмуш, 2015.
3. Балтабаева, Р.Ж. Кыргыз этнопедагогикасындагы тарбиянын мазмуну. – Бишкек: Мектеп, 2020.
4. Васильева, Е.А. Психология семейного воспитания. – М.: Просвещение, 2016.
5. Гребенников, И.В. Основы семейного воспитания. – М.: Академия, 2002.
6. Джолдошев, Т.К. Жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо үй-бүлөнүн орду. – Бишкек, 2017.

**УДК 372. 882** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.484**

## ИЛИМИЙ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ АРКЫЛУУ АКАДЕМИЯЛЫК ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Давлатова Сара Жамаловна –** ф.и.к., доцент, ОшМУ
E-mail: davlatova@mail.ru,
**Тахирова Назгүл Исраиловна** - п.и.к., доцент ОшМУ
E- mail: nazgultahirova1@gmail.com,

**Аннотация**

Учурда ЖОЖдордо студенттерде академиялык жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу көйгөйү жаралууда. Бир кесипке багытталып окуп жаткан студент илимий чөйрөдө оюн так,

логикалык байланышта берүүгө тийиш. Аны үчүн академиялык текстти анализдөө жана жаза билүү билим, билгичтик, көндүмдөрү калыптандырылууга тийиш.
Макаладагы иликтөөнүн максаты – академиялык тексттин түзүлүшүн анализдөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандырууда колдонулуучу усулдук ыкмалардын натыйжалуулугун аныктоо.
Изилдөөнүн натыйжалары *эксперимент* методунун негизинде чыгарылды. Тактап айтканда сдуденттердин академиялык жазуу боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууда пайдаланылган усулдук ыкмалар төмөнкүдөй натыйжасын бере алат:

1. Академиялык текст боюнча билимге ээ болуу менен анын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
2. Тексттин идеясын, структуралык түзүлүшүн аныктоо:

- киришүү бөлүмүндөгү сүйлөмдөрдү, алар туюнткан ойду аныктоо;
- негизги бөлүктөгү далил-фактыларды пайдалана билүү, алардын ырааттуулугуна, логикалуулугуна баа берүү;
- абзацтардагы сүйлөмдөрдүн курулушу жана аларда берилген ойлорду аныктоо;
- корутунду чыгара билүү;
- академиялык текст жазууга багыт алуу.

Жыйынтыктап айтканда, бир сабакта колдонулган усулдук ыкмалар студенттердин илимий багытта ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө мүмкүндүк түзө алат. Кийинки сабактарда бул багытта ишти улантуу аркылуу көндүмдөр калыптандырылат.
**Ачкыч сөздөр***:* илимий текст, академиялык жазуу, абзац, киришүү, багыттоочу сүйлөм, тезис, негизги бөлүк, далилдер, фактылар, корутунду, көндүм.

## РАЗВИТИЕ НАВЫКОВ АКАДЕМИЧЕСКОГО ПИСЬМА ЧЕРЕЗ РАБОТЫ С НАУЧНЫМ ТЕКСТОМ

**Давлатова Сара Жамаловна – к.ф.н.,** доцент ОшГУ
*E-mail:* davlatova@mail.ru,
**Тахирова Назгүл Исраиловна** –к.п.н., доцент ОшГУ
E- mail: nazgultahirova1@gmail.com,

**Аннотация**

В настоящее время в вузах возникает проблема формирования навыков академического письма у студентов. Студент, обучающийся по профессии, должен ясно и логично излагать свои мысли в научной среде. Для этого необходимо развивать знания, навыки и умения анализировать и писать академический текст.
Цель исследования в статье – проанализировать структуру академического текста и определить эффективность методических приемов, используемых при формировании навыков письма.
Результаты исследования получены на основе экспериментального метода. Методические методы, используемые при формировании у студентов знаний, умений и навыков академического письма, позволяют дать следующие результаты:

1. Иметь знание академического текста и определять его особенности;
2. Определение идеи и структуры текста:

- определить предложений во вводном разделе, мысль, которую они выражают;
- умение использовать доказательства и факты в основной части, оценивать их последовательность и логику;
- определение построение предложений по абзацам и представленных в них идей;
- уметь делать выводы;
- ориентация на написание академических текстов.

В итоге, методические приемы, используемые на одном уроке, позволяют студентам вести свою деятельность в научном направлении. Путем продолжения работы в этом направлении навыки будут развиваться на последующих уроках.

**Ключевые слова:** научный текст, академическое письмо, абзац, введение, направляющее предложение, тезис, основная часть, доказательство, факты, вывод, навыки.

## FORMATION OF ACADEMIC WRITING SKILLS THROUGH WORKING WITH SCIENTIFIC TEXT

**Davlatova Sara Jamalovna** – candidate of Philology, professor of the Osh State University, Kyrgyz Republic, city Osh, *E-mail: davlatova@mail.ru,*
**Takhirova Nazgul Israilovna** - Candidate of Pedagogical Sciences, dotsent of the Osh State University, Kyrgyz Republic, city Osh, E- mail: nazgultahirova1@gmail.com,

Annotation. Currently, the problem of forming academic writing skills in students in universities is emerging. A student studying for a profession must present a clear, logically connected idea in a scientific environment. For this, knowledge, skills, and abilities in analyzing and writing academic texts must be formed.

The purpose of the study in the article is to analyze the structure of academic texts and determine the effectiveness of methodological methods used in the formation of writing skills.

The results of the study were obtained on the basis of the experimental method. Specifically, the methodological methods used in the formation of students' knowledge, skills, and abilities in academic writing can give the following results:

1. Gaining knowledge of the academic text and determining its features;
2. Determining the idea and structural structure of the text:
- identifying the sentences in the introductory section and the idea they express;
- the ability to use evidence in the main part, to assess their consistency and logic;
- the construction of sentences in paragraphs and the identification of ideas presented in them;
- the ability to draw conclusions;
- orientation in writing an academic text.

In conclusion, the methodological methods used in one lesson can allow students to carry out activities in a scientific direction. Skills are formed by continuing work in this direction in subsequent lessons.

**Keywords:** scientific text, academic writing, paragraph, introduction, orientation sentence, thesis, main part, evidence, facts, conclusion, skill.

**Киришүү.** Текст – маанилик, тематикалык, грамматикалык, стилистикалык жана структуралык жактан тыгыз байланышкан бир нече сүйлөмдөрдүн жыйынтыгы. Ал эми *академиялык текст* – атайын илимий терминдердин, тилдик каражаттардын негизинде илимий тил менен жазылган текст. Анын *өзгөчөлүгү* – жаңы билим бергендигинде, эмгектин автору жаңы ачкан маалыматтарды, талдоо натыйжаларын, маселени чечүү жолун сунуштагандыгында. И.Короткина “*Академиялык жазуу* – бул процесс, продукт, практика,” – деп баса белгилеген. Аны менен катар, анын максаты тууралуу төмөнкүдөй баалуу пикирин айткан: «Академиялык жазуу кыска, ынанымдуу жана жакшы уюштурулган академиялык жазуу аркылуу өз идеяларыңызды билдирүүгө жана аны негиздөөгө үйрөтүү максатын көздөйт.» [23-б.]. Андыктан жогорку окуу жайларында академиялык текстке анализ жасоо жана аны жаза билүү – окутуудагы башкы милдеттерден. Кыргыз тили предметин окутууда да бул багытта иш алып баруу – замандын, учурдун талабы. Академиялык окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу кесипкөй адистердин илимий багыттагы ишмердүүлүгүнүн уюштурулуусуна зор мүмкүнчүлүк жаратат. Мазмунунда ушул милдеттерди чечүү маселесин камтыгандыгы менен макала *актуалдуу* мүнөзгө ээ.

Иликтөөнүн *максаты* – академиялык тексттин түзүлүшүн анализдөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн колдонулуучу усулдук ыкмалардын натыйжалуулугун көрсөтүү(аныктоо).

Макаладагы жыйынтыктар *эксперимент* методунун негизинде чыгарылды. Жыйынтыгында, студенттердин академиялык жазуу боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн пайдаланылган усулдук ыкмалар өзүнүн натыйжасын бере алды.

**Негизги бөлүм.** Натыйжага жетишүүнүн биринчи баскычында окутуучу студенттер менен бирдикте академиялык окуу жана жазуунун максаты, милдети, анын структуралык түзүлүшү тууралуу так маалымат билимине ээ болууга тийиш. Андан соң талдоо аркылуу академиялык тексттердин өзгөчөлүктөрүн түшүнүп, ага карата анализ жасап, андан ары өзү бул багытта текст жазууга кирише алат.

Макалада психология адистигинде окуган студенттерге “Тексттин түзүлүшү. Карым-катнаш жана анын структурасы ” деген теманы өтүүдө академиялык жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу максатында колдонулган ар түрдүү усулдук ыкмалар, машыгуу жумуштарынын аткарылышы каралат, алардын жыйынтыгы аныкталат. Окумуштуу У.Камбаралиева “Кыргыз тили академиялык жазууда жана окууда” аттуу эмгегинде академиялык жазуу көндүмдөрүн калыптандырууда СОнун стратегияларын, Блумдун таксономиясын колдонуунун ролу зор экендигин баса белгилеген [ 23,45,60 ж.б.].

Берилген теманы өтүүдө илимий тексттин структурасы тууралуу билимге ээ болуу үчүн ББкБ стратегиясынын негизинде иш алып баруу студенттердин анализ жасай билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда маанилүү. Тексттин түзүлүшү боюнча алгач студенттер жекече, анан чогуу билгендерин тизмелешет. “Билгим келет” бөлүгүнө темага байланыштуу кызыккан суроолорун жазышат. Студенттер менен бирдикте таблицанын “билемин”, “билгим келет” бөлүктөрү толтурулат. Андан кийин текст таркатылат. Текстти окуу аркылуу “билдим” бөлүгүнө жооптор жана жаңы маалыматтар жазылат. Ошентип, илимий тексттин структурасы тууралуу түшүнүккө (билимге) ээ болушат.

| **Билемин** | **Билгим келет** | **Билдим** |
|---|---|---|
| | | |

**Илимий тексттин структурасы**

Тексттеги сүйлөмдөр бири экинчиси менен маанилик, тематикалык жагынан жана грамматикалык түзүлүшү боюнча байланышып, тексттеги ойдун маанилик бүтүндүгүн же анын (ойдун) структуралык бирдигин түзүп турат. Тексттин түзүлүшү ага коюлган максат-милдеттерге көз каранды болот жана салттык түрдө төмөнкүдөй бөлүктөргө бөлүнөт:

- киришүү(тексттеги көйгөй-маселелердин коюлушу);
- негизги бөлүк(көйгөй-маселелердин ачылышы жана чечилиши);
- жыйынтыктоо же корутунду бөлүгү(тыянактар, кандайдыр бир иш-аракетти аткарууга чакырык).

Тексттеги айтылуучу негизги ойду, анын темасын аныктай турган же алардан кабар берүүчү алгачкы сүйлөм же сүйлөмдөр ойдун башталышы же *киришүү* деп аталат. Анда талкуулана турган негизги тема боюнча окурманды кызыгуусун жараткан маалымат берилет. Киришүү тезис менен эмес, кызыктуу факты, кызыктырарлык маалыматтар менен башталышы керек. Алар курч мүнөздөгү, ачык-айкын ой чагылдырылган сүйлөмдөр болууга тийиш. ***Тезис*** – илимий эмгек, баяндама, тексттин негизги идеясын бир же бир нече сүйлөм менен баяндоо. Ал далилдөөнү талап кылат. Ойдүн өнүгүшүндө аныкталат, далилденет. Тезис бир (айрым учурда эки-үч) сүйлөмдөн түзүлөт. Идея кириш сөзүндө ачык-айкын айтылган тезистик сүйлөм катары берилген жана жеке аспектилерге бөлүнгөн бир абзацка туура келет.

Теманын маанисин андан ары тереңдетүү менен аны кеңейтүү, өрчүтүп-өнүктүрүү максатында киришүүдөн кийин келүүчү сүйлөмдөр тексттин негизги бөлүгү же ойдун өнүгүшү деп аталат. Анда тезис далилдер, фактылар менен аныкталат.

Тексттеги айтылып жаткан окуя, көрүнүш, ар кандай кубулуштар тууралындагы ой-кортундуларды жыйынтыктоочу акыркы сүйлөм же сүйлөмдөр тексттеги ойдун аякташы же корутунду деп аталат. Тексттин бул бөлүгүндө айтылган ой жыйынтыкталып, натыйжалар белгиленет, келечеги каралат. Корутунду бөлүк төмөнкү маалыматтардан түзүлөт:

- негизги бөлүктөгү жыйынтыктарды топтоштуруу;
- негизги, башкы жыйынтык;
- изилдөөнү өнүктүрүүнүн келечеги;
- сунуштар жана көрсөтмөлөр.

Корутундуда жаңы маалыматты айтууга мүмкүндүк берилбейт. Киришүү менен корутундуда аргументтер, жаңы маалыматтар болбойт.

Академиялык тексттин түзүлүшү боюнча билимдерин бышыктоо максатында доскада студенттер менен бирдикте кластер түзүү да пайдалуу.

Академиялык тексттин түзүлүшү боюнча билимдерин жыйынтыктоо максатында доскада студенттер менен бирдикте кластер түзүү да пайдалуу. Үлгүсү төмөнкүдөй:




Илимий тексттин структурасы жөнүндөгү билимдерин бекемдөө максатында тексттин түзүлүшүн анализдешет, т.а., билгичтиктерге ээ болуу үчүн машыгуу жумуштары: текстке чейинки, текст менен иштөө учурундагы жана тексттен кийинки тапшырмалар аткарылат.

*Текстке чейинки тапшырмалар:*

1. Карым-катнаш деген эмне?
2. Карым-катнаштын адамдын психологиясынын өнүгүү процессинде кандай мааниси бар?
3. Кандай учурларда карым-катнаштын жыйынтыгы жакшы болот?

*Текст менен иштөө учурундагы тапшырмалар:*

**Карым-катнаш жана анын структурасы**

1. Берилген ссылкага кирип, текстти кунт коюп окугула. https://docs.google.com/document/d/1WzBQB_l2UsPsOMyY-8d2K3LYWJoLtxvk/edit?usp=drive_link&ouid=100132530055599003881&rtpof=true&sd=true
2. Төмөнкү сөздөрдүн маанисин эсте сактап калгыла: ымаалаш – ынтымак мамиле, личность – инсан, коммуникация – байланыш, мимика – ымдоо, коммуникатор – маалымат берүүчү адам, рецепиент – маалыматты кабыл алуучу адам.
3. Тексттин түзүлүшүн аныктагыла: киришүү, негизги бөлүк, корутунду.
4. Негизги бөлүктөгү далилдер, фактыларга карата кластер түзгүлө.
5. Тексттеги психология илимине тиешелүү терминдерди жазгыла.

*Тексттен кийинки тапшырмалар:*

Киришүү бөлүгүнүн сүйлөмдөрүндөгү ойду чечмелегиле (багыттоочу сүйлөмдөр, тезис).

1. Негизги бөлүктө камтылган маселелерди түшүндүргүлө, алардагы жыйынтыктарды аныктагыла (абзацтардагы айтылган ойлорду жыйынтыкташат).
2. Негизги бөлүктөгү жыйынтыктарга карап, корутунду жазгыла. Жазылган корутундулар анализденет, баа берилет.

Презентация учурунда студенттер бири-биринин жоопторуна баа беришет, сунуштарын айтышат. Албетте, бул учурда студенттердин кебине, ойду системалуу баяндоосуна көңүл буруу менен катар, сунуштар да айтылат. Мындай иш-аракет студенттердин оозеки кебин системалуу, далилдүү баяндоосуна багыт берет, ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Тактап айтканда, окуп түшүнүү, сүйлөө ишмердүүлүгү калыптанып, академиялык текст менен иштөөдөгү анализдөө, баалоо жөндөмдүүлүгү артат. Тексттин структурасын аныктоо менен, корутунду бөлүгүнүн жоктугун аныкташып, тексттин бул бөлүгүн өздөрү жазышат.

Негизинен, төмөнкүдөй мазмундагы корутунду жазылат.

*Адамдын аң-сезиминин өнүгүү процессинде карым-катнаштын мааниси зор. Карым-катнаш эрте башталууга тийиш жана анын уюштурулушу ишенимди жогорулатат. Мамилелер жеке адамга, коллективге таасирин тийгизип, психологиялык өнүгүү процессин ишке ашырууда орду зор. Карым-катнаш бирдиктүү структуралык түзүлүшкө ээ болот жана системалуу уюштурулат. Андагы вербалдык коммуникацияя – тил каражаттары жана эмоция аркылуу ишке ашат. Ал эми вербалдык эмес коммуникацияда мимика жана потомимика негизги байланыш каражаты болуп саналат.*

*Жыйынтыктап айтканда, карым-катнаш аң-сезиминин өнүгүшүндө, адамдын личность катары калыптануусунда өзгөчө ролго ээ.*

Жаңы өтүлгөн теманы бышыктоо максатында ар түрдүү машыктыруучу конүгүүлөр аткарылат:

**Тапшырма.** Тексттен алынган маалыматтар боюнча таблицаны толтургула.

| | |
|---|---|
| ***Вербалдык коммуникация*** | |
| Диалогдук кептин өзгөчөлүгү | |
| Монологдук кептин өзгөчөлүгү | |
| Вербалдык эмес карым-катнаштын мааниси | |

Акырында *карым-катнаш* деген сөзгө карата *синквейн* жаздыруу студенттердин оюн системалаштыруу, жыйынтыктай билүү көндүмдөрүн калыптандырат. Болжолдуу үлгүсү:

*Карым-катнаш*
*Вербалдык, вербалдык эмес*
*Байланыштырат, өстүрөт, калыптандырат.*
*Инсан катары калыптанууга өбөлгө түзөт.*
*Байланыш*

**Тапшырма.** Тексттин структурасын аныктагыла. Киришүү бөлүгүн кошумчалагыла. Корутунду бөлүгүн жазуу аркылуу айтылган ойду жыйынтыктагыла.

Психологиялык баалуу кеңештер

Д. Карнеги «Досторду кантип күтүү керек жана адамдарга кандайча таасир калтырса болот?» деген китебинде, адамдарды кемсинтпей жана алардагы таарынычты пайда кылдырбай туруп таасир калтыруунун тогуз эрежесин көрсөткөн:

*1-эреже.* Баарлашуучу адамынызга мактоо сөздөрүнүздү айтуудан качпаңыз жана анын кадыр-баркын чын дилиңизден көкөлөтүңүз.

*2-эреже.* Адамдардын кетирген кемчилдиктерин түз, бетке айтпай, кыйыр маанисин колдонуңуз.

*3-эреже.* Алгач өзүңүздөгү катачылыктар, кемчилдиктер жөнүндө сүйлөшүңүз, андан кийин гана баарлашуучуңузга сын пикирлерди айтыңыз.

*4- эреже.* Мамилелешкен адамыңызга буйрук бергенден көрө, өтүнүч менен кайрылганыңыз оң.

*5- эреже.* Адамдардын өз кадыр-баркын сактап калуусуна мүмкүндүк түзүп бериңиз.

*6-эреже.* Адамдардын аз да болсо жетишкендигин жактыруу менен кабыл алыныз жана алардын ар бир ийгилигине чын ниетиңизден куттук айтып турунуз. Мактоого март болуңуз, баалоо чын жүрөгүңүздөн айтылсын.

*7-эреже.* Адамдарга ишенүү менен мамиле кылсаңыз, алар сиздин ишеничинизге кирүүгө далалат кылышат.

*8-эреже.* Сыйлоодон жана сыйдан качпаңыз. Сиз көрүп турган кемчиликтер оңой гана оңдоло тургандагыдай түр көрсөтүңүз.

*9-эреже.* Сиздин сунушуңузду адамдар кубануу менен кабыл аларына ишениңиз.

**Жыйынтыктайлы.** Төмөнкү таблицаны толтургула.

| | **Киришүү** | **Нагизги бөлүк** | **Корутунду** |
|---|---|---|---|
| **Тезис** | | | |
| **Жыйынтыктар** | | | |
| **Далилдер, фактылар** | | | |
| **Изилдөөнүн келечеги** | | | |
| **Сунуштар, көрсөтмөлөр** | | | |
| **Багыттоочу ой** | | | |
| **Шилтемелер** | | | |

Тексттин түзүлүшү боюнча алган билгичтиктерин калыптандыруу максатыда үйгө берилүүчү тапшырма максаттуу болууга тийиш. Текст түзүү же белгилүү бир илимий тексттердин структурасын анализдөө, абзацтардагы далилдер менен фактылардын ынанымдуулугуна баа берүү, туура корутунду чыгара билүү сыяктуу тапшырмалар студенттердин ишмердүүлүгүнүн көндүмгө айландырууга мүмкүндүк жаратат.

Жыйынтыгында студенттердин академиялык жазуу боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууда жогоруда пайдаланылган усулдук ыкмалар төмөнкүдөй натыйжасын берет:

1. Академиялык текст боюнча билимге ээ болуу менен анын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
2. Тексттин идеясын, структуралык түзүлүшүн аныктоо:

- киришүү бөлүмүндөгү сүйлөмдөрдү, алар туюнткан ойду аныктоо;
- негизги бөлүктөгү далил-фактыларды пайдалана билүү, алардын ырааттуулугуна, логикалуулугуна баа берүү;
- абзацтардагы сүйлөмдөрдүн курулушу жана аларда берилген ойлорду аныктоо;

- корутунду чыгара билүү;
- академиялык текст жазууга багыт алуу.

Кийинки сабактарда бул багытта иштиулантуу аркылуу көндүмдөр калыптандырылат.

Белгиленген натыйжаларга жетишүү максатында жогоруда колдонулган усулдук ыкмаларды сабактарда пайдалануу сунушталат. Ошондой эле студенттердин академиялык тексттин түзүлүшүн аныктап, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүдө Бенжамен Блумдун таксономиясын пайдалануу да жакшы натыйжа берет.

Адабияттар

1. Камбаралиева, У. Кыргыз тили академиялык окууда жана жазууда [Текст]/ У. Камбаралиева, Г. Шабралиева, Ж.Жапарова. –Бишкек, 2019. –189 б.
2. Квициния, М.Б. Академическое письмо [Текст]: Учебное пособие/ М.Б Квициния, –Сухум, 2018. –144 с.
3. Короткина, И.Б. Академическое письмо: процесс, продукт и практика [Текст] / И.Б.Короткина. –Москва, 2020. –296 с.
4. Мередит, К. С. Критическое мышление: углубленная методика. Пос. IV // Подготовлено в рамках проекта «Чтение и письмо для Критического мышления». [Текст] / К. С. Мередит, Дж. Л. Стил, Ч. Темпл. — М.: Изд-во «ИОО», 1997.− 55 с.
5. Миңбаев, К. Психология [Текст] / К. Миңбаев, А. Закиров. –Ош, 2010. –255 б.
6. Умаров, Т. Социалдык психология предмети боюнча усулдук колдонмо [Текст] / Т. Умаров, А. Борсонов. –Ош, 2010. – 112 б.

**УДК 37.035.3**

# ТЕХНОЛОГИЯ (ЭМГЕК) САБАКТАРЫНДА КАГАЗДАН ОЮНЧУК ЖАСОО ЖОЛДОРУ

**Садирова П.А. - ОшМПУ Окутуучу**

# СПОСОБЫ СДЕЛАТЬ ИГРУШКУ ИЗ БУМАГИ НА УРОКАХ ТЕХНОЛОГИИ (ТРУДА)

**Садирова П.А. - ОшГПУ, Преподаватель**

# WAYS TO MAKE A TOY OUT OF PAPER IN TECHNOLOGY (LABOR) LESSONS

**Sadirova P.A. - OSHGPU, Teacher**

**Аннотация**

Эмгек сабактарында кагаздан оюнчук жасоо – бул балдардын чыгармачылыгын, эмгекке болгон кызыгуусун жана кол өнөрчүлүк жөндөмдөрүн өнүктүрүүчү маанилүү иш-аракет. Бул макалада кагаздан оюнчук жасоонун педагогикалык негиздери, бала үчүн пайдалуулугу жана ийгиликтүү ишке ашыруу жолдору каралат. Макалада кагаздан жасалган оюнчук балдардын майда моторикасын жакшыртууга, логикалык ойлонуусун өстүрүүгө жана чыгармачылыкка шыктандырууга жардам берерин белгилейт.
Эмгек сабагында мындай иштерди аткаруу балдарга эмгек сүйүүсүн жана өз эмгегинен канааттанууну үйрөтөт. Мектепте кагазды кесүү, бүктөө, боёо жана конструкция түзүү сыяктуу иш-чаралар аркылуу балдар өз идеяларын ишке ашырууга үйрөнүшөт.
Кагаздан оюнчук жасоо учурунда балдар өз ойлорун жана идеяларын бөлүшүп, бири-бири менен иштешет. Бул процессте балдар бири-бири менен диалог жүргүзүп, бири-биринин ишин баалап жана туура кеңештерди бере алышат.